**2013-жылдын 16-майындагы № 73 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

## Кыргыз Республикасынын Жер кодексине өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө

2013-жылдын 4-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** Кыргыз Республикасынын Жер кодексине (Кыргыз Республикасын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., № 9, 440-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү жана толуктоо киргизилсин:

5-статьяда:

2-пунктундагы “алар ипотекалык турак жай курулушун кредиттеген учурда” деген сөздөр “ипотекалык кредит боюнча өндүрүп алган учурда” деген сөздөргө алмаштырылсын;

статья төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$-пункт менен толукталсын:

“$3^1$. Чек арага жанаша жаткан аймактарда турган жер участоктору мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу укугунда, кайрылмандарды кошпогондо, чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана чет өлкөлүк юридикалык жактарга берилиши мүмкүн эмес.”.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**